Айдыңы арткан – "Алтынкен"

# "Алтынкен" кыргыз-кытай алакасынын көпүрөсү

## (Кемин районунун коомдук турмушуна Кытайдан келген «Алтынкен» компаниясынын сыйлуу коноктору катышты)

Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА,
"Кыргыз Туусу"

(Башталышы 1-бетте)

Балдар келген коноктorго чакан концерт көрсөтүп, өз колдору менен жасаган белектерин тартуулашты.

Коноктордун атынан «Алтынкен» компаниясынын директорлор кеңешинин төрагасы Ляо Цзяньшэн, сөз сүйлөп, жергиликтүү коомчулук менен достукту чыңдоонун маанилүүлүгүн баса белгиледи.

Ал ишкананын көп жылдардан бери туруктуу иштешине шарт түзүп келген компанияга дайыма колдоо көрсөтүп келе жаткан жергиликтүү бийликке ыраазычылык билдирди.

Кемин мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси Айгүл Курманалиева «Цзынцзинь» корпорациясынын өкүлдөрүнө Кемин районунун экономикасына кошкон зор салымы жана турмуштук оор кырдаал-га туш болгон райондун тургундарына системалуу колдоо көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдирди. Райондун жетекчилигинин атынан ал «Цзынцзинь» корпорациясынын вице-президенти Лун Иге эстелик белек тапшырды.

Орловка шаарынын мэри А.А. Койшыбаев шаар коноктorун жылуу тосуп алып, урмат-сый жана достуктун белгиси катары «Цзынцзинь» корпорациясынын өкүлүнө мэриянын белегин тапшырды.




на эки кой жана тамак-аш азыктар
берилди.

"Нурмээайса" балдар үйүнүн та
бияланууучулары менен коштошуп,
ноктордун делегациясы жергиликт
жетекчилер менен бирге Орлов
шаарындагы Жеңиш паркына көч
отургузууга катышты.

Бул окуя Кыргызстан менен К
тай өкүлдөрүнүн экинчи дүйнөлүк
гушта фашизмге каршы күрөштө к
ман болгондордун баарынын элес
түбөлүккө калтыруу боюнча маанил
иш-чараларынын бири болуп калды

Ушундай салтанаттуу нота м
нен «Цзынцзинь» корпорациясын
өкүлдөрүнүн Кемин районуна болг
иш сапарынын программасынын б
ринчи бөлүгү аяктады. Программан
экинчи бөлүгү «Алтынкен» компан
сынын кенине жумушчу сапарына
налды.








Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып шаар башчысы коноктordу Орловка шаарындагы Жеңиш паркына, Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 80 жылдыгына карата 80 көчөт отургузууга чакырды.

Кытайдан келген коноктордун атынан балдар үйүнүн тарбиялануучуларынын жайкы эс алуусун уюштурууда транспорттук чыгымдарды жабуу үчүн акчалай жардам көрсөтүлдү.

Ошондой эле балдарга окуу куралдары жана шариктер салынган сумкалар берилди. Ал эми балдар мекемесинин ашканасы-





**Словакия – Кыргызстан кызматташтыгы артат**

(3-бетте)



**Флешмоб коом же кыргыз көчөзгисин неге тез унутат?**

(4-бетте)



**Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында**

(6-7-беттерде)


Жалпы улуттук гезит

# Кыргыз Туусу

1924-жылы 7-ноябрда негизделген. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин басылмасы № 32 (24902) 2025-жылдын 29-апрели


# Орто Азиядагы эң ири стадион эмдиги жылы ишке берилет

**Бул тууралуу президент Садыр Жапаров Аламүдүн районунун Беш-Күнгөй айылындагы "Достук Арена" стадионунун ачылыш аземинде билдирди.**

Мамлекет башчысы өлкө элдеринин ортосундагы достук, биримдик жана ынтымак үчүн стадионго "Достук Арена" атын берүү демилгеси Кыргызстандын Футбол федерациясынын президенти Камчыбек Ташиевге таандык экенин белгиледи.

Садыр Жапаров өз сөзүндө саамалыктын символикалуулугун баса белгиледи: айыл жергесинде 2500 адамды батыра турган заманбап стадион пайда болду. Ал ушул стадион эгемен Кыргызстандын тарыхында алгач ирет жерпайынан чатырына чейин жаңы курулган объект болгонун баса айтты.

Президент бул жер бир канча жыл мурда тебеленип жаткан жөн гана талаа болгонун, анда жаш футбол сүйүүчүлөр чогулуп, мелдештер өтүп жүргөнүн эске салды. Барабара алардын ынтызарлыгы жана өжөрлүгү менен айылда азыр өлкөнүн премьер-лигасында ойноп жаткан "Талант" командасы пайда болду. Президент жаңы спорт инфраструктурасы кыргыз футболунун эл аралык аренада мындан аркы ийгиликтерине түрткү болоруна ишенимин билдирди. Садыр Жапаров улуттук курама команда 2027-жылы өтүүчү Азия кубогуна жолдомо утуп алганын жана 2026-жылы өтө турган дүйнө чемпионатына катышуу үчүн күрөштү улантып жатканын эске салды.

"Достук Арена"стадионунда футболчулар жана күйөрмандар үчүн бардык шарттар каралган: табигый жана жасалма көк майсаң чөп оюн талаасы, оюнчуларга ылайыкталган жатакана, тамактануу жайы, кийим алмаштыруучу бөлмөлөр, административдик бөлмөлөр, фитнес зал, медиа, расмий өкүлдөр жана VAR-системасы үчүн дагы бөлмөлөр бар.

(Уландысы 2-бетте)



# "Алтынкен" кыргыз-кытай алакасынын көпүрөсү

**(Кемин районунун коомдук турмушуна Кытайдан келген «Алтынкен» компаниясынын сыйлуу коноктору катышты)**

**Устүбүздөгү жылдын 25-апрелинде вице-президент Лун И башчылык кылган «Цзынцзинь» корпорациясынын делегациясы Орловка шаарындагы балдар үйүнө барды.**



"Нурмээайса" балдар үйүнүн түстүү кооздолгон бурчу жана толкундануу менен ары-бери чуркаган өспүрүмдөр Кытайдан келген ардактуу конокторду күтүп турушкан.

Алыскы жолдон ат арытып, жол карытып келген меймандарды Кемин мамлекеттик администрациясынын аппарат башчысы Айгүл Курманалиева, Орловка шаарынын мэри Аман Койшыбаев жана балдар мекемесинин директору Гульнара Кирибаева ж.б. жергиликтүү бийликтин жооптуу кызматкерлери жылуу маанай менен тосуп алышты.

(Уландысы 16-бетте)